# Комуз



Автор: Бакыт Мырзатаева

Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы

# Комуз

Автор: Бакыт Мырзатаева
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Комуз" (кыргыз тилинде), автор Бакыт Мырзатаева,
сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай кызы

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Аят басса-турса боорун тырмалап, комуз ойногонсуп манжаларын серпей берет. Ал абдан таланттуу бала. Кичинесинде эле теледен комуз ойногондорду көргөндө кунт коюп угуп калчу. Аны байкаган ата-энеси өрүктөн комуз чаптырып беришкен.

Адегенде мектептеги комуз ийримине катышып жүрдү. Кийинчерээк Шубин атындагы балдар музыкалык мектебинде улуттук аспаптар бөлүмүнөн комузду тандады. Ал жерден Тимур, Нурай деген ынак досторду тапты. Кыска аралыкта бир нече күүлөрдү үйрөнүп алды.



Ал кээде күү жаратууну да кыялданат. Бир жолу апасына:

– Апа, мен бул күүнү өзүм чыгардым, уксаңыз, – деди. Баласынын мындай аракетине абдан кубанган апасы:

– Азаматым, ойносоң, угалычы, уулум, – деди кунт койгон калыбында.

Аят кичинекей ийкемдүү, жумшак колдору менен кылды терип, апасына бейтааныш кайрыктарды кайталады.

– Оо-о-ии-ий, кандай сонун, чын эле өзүң ойлоп чыгардыңбы, берекем?! – деп апасы баласын бооруна бекем кысып кучактады.

– Ооба! – деген Аятты апасы өпкүлөп, комузга кызыкканына ыраазы боло башынан сылады.



Марина эжейинен сабак алып, тынымсыз иштеген жыйынтыгы конкурста белгилүү болду. Комузчулар ансамбли менен Аят, Тимур, Нурай да Түркияга барып келүүгө тандалды.

Эжейи баарына окшош кийим тиктирди. Ошентип, белеттер да алынды. Даярдыктар башталды. Күнүнө комуздан үч саат машыгышат.



Күткөн күн да келип, самолётко отурушту. Аят самолётто булуттардын үстүндө учуп баратканына таң калды.

Самолётто чогуу отургандар балдардын сынакка баратканын угуп, эжейинен суранып калышты:

– “Көчмөндөр оюнунда” көргөн 1000 комузчунун ойногон күүсүн ойноп бериңиздерчи?

Эжейи күтүлбөгөн өтүнүчкө бир аз ыңгайсыздана түштү. Бирок балдарынын даярдыгына ишенди да, текчедеги комуздарын алып берди.

– Кана, балдар, “Маш ботойду” ойноп берели, ээ, – деди.

О-о, кандай кызык! Асманда кимдер комуз ойноптур! Мына, сага, баарынын жүзү жайнап, Марина эжейинин ишаратын күтүштү.

– Бир! Эки! Үч!

Эжейинин колу менен ойнолгондой баары бир кыймыл менен комуз кылдарына кол тийгизгенде, самолёттун салону шаңга бөлөндү.





Отургандардын баары абдан кызыгып угушту. Ооба, так ушул кайрыктарда күү жараткан элдин руху канат байлап асманга учкансыды. Күүнүн кайрыктарына маашырланган эл:


– Оп-бали! Азаматтар! Өркөнүңөр өссүн! - деп алкап жатышты.



Комуздарын кабына салып ордуна коюшту. Аят акырын терезе жакты карады. Алар апакай булутту жандай учуп баратышкан эле.

Кыйладан кийин стюардесса самолёттун конууга ылдыйлап баратканын кабарлады. Бир маалда самолёттун бүгүлгөн буттары жазылды.

Дөңгөлөктөр жерге тийгенде, дүңгүрөгөн добуш коштоду. Дал ушул учур негедир “Маш ботой” күүсүнүн кайрыктарына окшошуп кетти. Ошентип көптөн күткөн Стамбул шаарына да жетип келишти.



Эртеси ар улуттун таланттары чогулган фестивалда өнөрлөрүн тартуулашты. Көрүүчүлөр талантуу балдардын комузда шаңдуу ойногонуна суктанышты.

Айрыкча "Маш ботой" күүсү кайрыктарын түрдүү кыймыл менен бирдей ыргакта чертилгенде, баары таң калышты, ордунан туруп шатыра-шатман кол чаап сүрөштү.

Жыгачтан жасалган ушул жупуну комуз жүрөк кылын тергендей жан эргитти.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Бакыт Мырзатаева

Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы



USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли